«БЕКИТЕМИН»
А. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун
ректору, п.и.д., профессор Зулуев Б.Б.

« ____ » ____________ 2024-ж.

Пасанова Клара Балтабаевнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы; (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин "Тарых" кафедрасынын

# КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Эгемендүүлүктүн доорунда базар экономикасынын, жеке менчик мамилелеринин өнүгүшү менен Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшү ири өзгүрүүлөргө дуушар болуп, жаны социалдык катмарлар жаралып, алардын өз ара мамилелери динамикалдуу түрдө өнүгүп жаткан мезгили. Эгемен Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр, XIXк. экинчи жарымы XXк. башындагы салттуу кыргыз комунун түзүлүшүндө болуп өткөн тарыхый мезгилдин тажрыйбасын гана эске албастан, элдин менталитетин түшүнүүгө, аталган маселени жаны тарыхый позициядан изилдеп, баа берүү тарых зарылдыгын жаратып олтурат. Аталган тарыхый доордогу салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформациялануу процессин изилдөөнүн акуталдуулугу төмөнкү бир катар себептер менен түшүндүрүлөт:

Биринчиден, революцияга чейинки доордо салтуу кыргыз коомунун түзүлүшүн чагылдырган изилдөөлөргө, тарыхый булактарга жаңы тарыхый таризде талдоо жүргүзүү талабынын жаралгандыгы.

Экинчиден, XXк.80-жылдарынын аягына чейин эл аралык илимий изилдөө практикасында эки концептуалдык методологиялык ыкма (подход) үстөмдүк кылып келгендиги белгилүү: "таптык" жана "стратификациялык". Ал эми советтик тарыхнаамада болсо коомдун социалдык түзүлүшүн



КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 04-8/60
« 18 » 11 2024 ж.г.

аныктоодо марксистик-лениндик теорияга негизделген “таптык” ыкма үстөмдүк кылганы белгилүү. Аталган таптык ыкма коомдогу таптык белгилерге ээ болбогон: чайрикер, мандикер, жарды, жалчы ж.б. ушул сыяктуу топтордун бар экендигин эске алган эмес. Тарыхта Совет мамлекетинин “таптык” саясаты трагедиялуу социалдык окуяларды жараткандыгы белгилүү

Үчүнчүдөн, учурдагы гуманитардык илимде коомдун социалдык түзүлүшүн аныктоодо коомдук-экономикалык формациялык түшүнүктөрдөн эмес, стратификациялык методун колдонуу аркылуу коомдун социалдык түзүлүшүнө баа берүү жаңы талабы катары каралып жаткандыгында. “Страт” термини геологиялык түшүнүк, «катмар» дегенди түшүндүрөт. Стратификациялык теория боюнча адам баласынын социумунда страттар-профессионалдык кесиби, билими, этникалык, демографиялык, гендердик белгилери боюнча, аймактык жайгашысуу (шаардык, айылдык) ж.б. критерийлер боюнча айырмаланышы мүмкүн. “Страт” түшүнүгү «тап» түшүнүгүнө караганда ийкемдүү келип, өзүнө кеңири коомдук кубулуштарды камтып, аларга кеңири анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк жаратат.

Төртүнчүдөн, колониалдык доордогу салтуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялануу маселеси чарбалык өзгөрүүлөрдүн, акча-товар, соода мамилелеринин ж.б. тармактагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнүн натыйжасын жаңы социалдык катмарлардын жаралышына шарт түзгөндүгүн изилдөө маселенин актуалдуулугун шарттаган факторлор болуп саналат, демек, стратификациялык ыкма адамзаттын социумун тарыхый өнгүшүнүн ар бир этабында социалдык турмуштун толук картинасын калыбына келтирүүгө мүмкүндүк жаратат. Жогорудагы тыянактарга таянуу менен салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүндөгү өзгөүүлөрдү жаңы концептуалдык-методологиялык таризде баа берүү изилдөөнүн актуалдуу экендигин айгинелейт.

2. **Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

**1-жыйынтык.**Талапкер XIX кылым экинчи жарымы XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышын өз алдынча анализдеп, илимий эмгектерди жана маалыматтарды, архивдик документтерди изилдөө аркылуу теманын актуалдуулугун, илимий жаңычылдыгын, практикалык маанисин көргөзө

алган. Изилдөөнүн хронологиялык алкагы, талапкердин жеке автордук салымы белгиленген (Киришүү).

**2-жыйынтык.** Изденүүчү илимий маселенин тарыхнаамасын 3 доорго бөлүп караган: биринчи – совет дооруна чейинки мезгилдин тарыхнаамасы, экинчи – советтик доордун тарыхнаамасы, үчүнчү - постсоветтик доордун тарыхнаамасы деп бөлүп 3 доорго арналган эмгектер чагылдырылып, аларга кыскача мүнөздөмө берген. Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн иликтөө тарыхнаамасы булактардын негизинде объективдүү баа берүү менен талдоого алынган (I бап).

**3-жыйынтык.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектиси, предмети менен бирге булактык базасын талдоого алып, изилдөөнүн илимий чөйрөсүнө кирген тарыхый булактар маалыматты сактоо, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрү жана каныктыруу өзгөчөлүктөрү боюнча жети топко бөлгөн. Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн изилдөө үчүн жетиштүү методологиялык жана булактык базаны илимий айлампага киргизүүдө изденүүчү тарабынан изилдөө ыкмалары туура колдонулган (II бап).

**4-жыйынтык.** XIXк. экинчи жарымы- XXк. башындагы көчмөн жарым көчмөн кыргыздардын чарбалык турмушундагы өзгөрүүлөр, акча-товар мамилеринин пайда болушу, сооданын өнүгүшү, отрукташууга багыт алуу процесстерине талдоо жүргүзүлөт. Кыргызстан Россия империясынын курамына каратылгандан кийин, оторлоштуруу саясатынын натыйжасында жер иштетүүчүлүк, мал чарбачылык тармагында өзгөрүүлөр орун ала баштаган. XIXк.экинчи жарымында кыргыздардын негизги чарбалык турмушу дыйканчылык-отурукташкан, көчмөн-мал чарбачылык тиби сакталып кала берген деп туура талдаган. (III баптын 3.1. 3.2. жана 3.3. бөлүмү).

**5-жыйынтык.** “Ак сөөк” жана букара катмараларынын арасында жүргөн трансформациялык процесске анализ берүүгө аракет жасалган. “ак сөөк” катмарлардын ич ара топторго бөлүнүп, алардын арасындагы трансформациялануунун жүрүшү баатырлар, манаптар, бийлер, казылар, байлар, Россия империясы тарабынан киргизилген жаңы административдик башкаруу саясаты менен тыгыз байланыштуу. хронологиялык белгилүү бир чекти атоо мүмкүн эмес. (IV баптын 4.1. бөлүмү).

**6-жыйынтык.** Салттуу кыргыз коомундагы калктын негизги бөлүгү букара катмары түзгөн. Калктын негизги бөлүгүн түзүшкөн эл жалпысынан шартуу

түрдө букара аталып, алар өздөрүнүн малга, жерге карата болгон ээликтери, башка мүлктөрү боюнча айырмаланышып өз ара топторго бөлүнүшкөн. Социалдык топтордун ортосундагы экономикалык айырмачылыктын негизги өзөгүн малга, жерге карата болгон мүлктүк теңсиздик жараткан. Социалдык жиктешүүнүн натыйжасында букаралар ич ара бир канча топторго бөлүнө баштаган. (IV баптын 4.2. бөлүмү).

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**1-жыйынтык.** XIXк.экинчи жарымы- XXк. башындагы салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр жер иштетүүчүлүккө (дыйканчылык) карата болгон көчмөн, жарым көчмөн чарбалардын мамилесинин өзгөрүшү, империянын көчүрүп келүү саясатынын натыйжасында орус келгиндеринин көчүп келиши, айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын салыштырмалуу өзгөртүүгө шарт гана түзбөстөн, жер иштетүүчүлүк “маданиятын” өзгөртүп, көчмөн чарбалар үчүн кызыкчылык жаралган. Каралып жаткан мезгилде орус келгиндеринин, Чыгыш Түркестан аймагынан көчүп келишкен этностордун, жергиликтүү эл менен бирдикте чарба жүргүзүү шартынын жаралышы, өз ара таасирлери, жер иштетүүчүлүктүн өзгөрүшүнө гана алып келбестен, социалдык түзүлүштү өзгөрүүгө дуушар кылган.

**2-жыйынтык**. Көчмөн жарым көчмөн кыргыз чарбасынына жер иштетүүчүлүктү өздөштүрүү, айыл чарбасында колдонуучу жаңы эмгек шаймандарынын пайда болушу (отурукташууга өтүү), чөп чабуу, тоют камдоо, стационардык турак-жай жана мал чарбасы үчүн түнөк (стойбища) курула баштаган. Дыйканчылык кесипке карата көчмөндөрдүн арасындагы ага карата мамиле өзгөрүп, кызыкчылык күчөгөн. Айыл чарбасында дыйканчылык үчүн колдонуучу жаңы эмгек шаймандарына карата талап жогорулаган.

**3-жыйынтык.** Экономикалык тармактагы жүргүзүлүп жаткан империянын саясатынын таасиринде көчмөн, жарым көчмөн кыргыз чарбаларынын арасында отурукташуу процессинин алгачкы этабы башталган.Эволюциялык мүнөзгө ээ болгон отурукташуу жараяны XXк.30-жылдары совет

мамалекетинин социалдык-экономикалык модернизациялоо процессинин натыйжасында аяктаган.

**4-жыйынтык**. Кыргыздардын чарбалык турмушундагы өзгөрүүлөр мал чарбачылык турмушта да жүрө баштаган. Мал асыроонун ыкмасы өзгөргөндүгүнө карабастан, административтик реформалар малдын башы кыскартууга алып келген. Малсыз топтор, жакырчылыктан сактануу, жутчулуктун таасири көчмөндөрдүн отурукташуусун тездеткен негизги факторлордун бири болгон.

**5-жыйынтык**. Колониалык саясаттын агрардык тармактагы жүргүзгөн саясаты кыргыздардын өзгөчө 1886 жылдан кийинки "Жободон" киийин колониалдык бийликтин толук бекемделиши, чиновниктик-бюрократиялык аппарататын түзүлүшү, "ашыкча жер" деген шылтоо менен жер үлүштөрүн, эгин таалаларды, суулуу жайыттардын кыскарышы социалдык жаңы топтордун жаралышын, катмарлардын ортосундагы тесиздиктин күчөшүнө өбөлгө түзгөн. Демек, дыйканчылык маданиятынын өнүгүшү менен катар жер иштетүүчүлүк кыргыздар үчүн өзүнүн социалдык-экономикалык жана саясий статусун жогорулатуучу көрүнүшкө айлана баштаган.

**6-жыйынтык** Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялык процесстер ак сөөк катмарларынын арасындагы жаны топторду жаралышына алып келди. Туркестан крайын башкаруу боюнча кабыл алынган "Жобо" до көрсөтүлгөн "Элдик башкаруу" органдары түзүлүп, манап, бай, бий катмарларынын башкаруучулук фунциялары түзүлүп, алар колониалык системанын шартына "ылайыкташып", киреше жаратуучу булактарды өздөрүнө ыйгарып алуу мүмкүнчүлүгүн жаралды. Көчмөн жарым көчмөн шартта жашаган кыргыздардын ак сөөк топторунун катмарлашуусунда стратанын негизги белгилери катары бийлик, менчик негизги көрсөткүчкө айланган. Мындан сырткары, ак сөөк катмарларынын коомдук абалынын (статусун) аныктоочу белги катары алардын эл арасындагы кадыр-баркы маанилүү ролду ойногон. Аталган көрсөткүчтөрдүн жыйындысы, ак сөөк катмарлардын ич ара топторго бөлүнүшүн шарттап, манаптар, байлар, бийлер башкаруучулук кызмат орунду ээлеши, тийиштүү менчик каражатына ээ болушу жана кадыр-баркына жараша ички иерархиялык (ранга) топторго бөлүнүүгө, алардын статусунун өзгөрүүсүнө алып келди. Демек, салтуу кыргыз коомунун "ак сөөк" катмараларынын ичиндеги трансформациялык процесстердин башкы белгиси катары, бийлик, менчик, кадыр-барк алардын статустук абалын аныктоочу көрсөткүч болгон.

**7-жыйынтык.** XIXк. экинчи жарымы-XXк. башындагы салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр букара катмарларынын арасында ич ара топторго бөлүнүүсүн пайда кылган. Чарбалык турмуштагы жерди иштеттүү, арендага алуу, малсыз, короо-жайсыз топтордун отурукташкан турмушка багыт алуусу, социалдык жиктешүүнү күчөтүп, букара катмарларынын өз ара катмарлашуу, жашоо турмушунун өзгөрүүсүнө алып келген. Натыйжада, XXк башында чайрикер, мандикер, жатакчы, аштыкчы, эгинчи, батрак топтору социалдык жаңы катмар катары калыптана баштаган. Демек, XIXк.экинчи жарымы- XXк. башында салтуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү трансформациялык көрүнүшкө дуушар болуп, аталган социалдык тармактагы өзгөрүүлөр совет доорунун жылдарында советтик мүнөздөгү стратификациялык түзүлүшкө ээ болгон.

**4**. **Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү.**

Пасанова Клара Балтабаевнанын диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Диссертация Постсоветтик доордогу Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүн аныктоодо, ага илимий баа берүүдө стратификациялык теорияны колдонуу аркылуу, учурдагы соцалдык катмарларды, топторду аныктоо сунушталат. Анткени статификациялык теория ар бир катмардын өз ара байланыштарын, ич ара мамилелерин, учурдагы коомдун өнүгүшүнүн багытына жараша катмарларга карата болгон жаңы критерийлерди кодлонууга мүмкүндүк берет.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 6 илимий макалада чагылдырылган.

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Авторефераттын мазмуну жана түзүмү диссертацияга толук дал келет. Кыргыз Республикасынын илимий даража берүү жобосунун кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Салттуу кыргыз коомунун  социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы; (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдернинин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Диссертациянын актаулдуулугун, изилдөөнүн илимий жаңылыгын жана коргоого коюлуучу негизги жоболорун кайрадан диссертациялык иштин баптарынын жыйынтыктары менен дал келишин карап чыгуу сунушталат.

2. Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жоюуп, УАК талаптарына ылайык келтирүү керек.

3. Коргоого алып чыккан илимий жаңылыктар менен жоболорду кыскартып жана классификациялоо сунушталат.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши**

Пасанова Клара Балтабаевнанын 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн берилген “Салттуу кыргыз коомунун  социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы; (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) деген аталышындагы диссертациялык иши өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Тарых» кафедрасы Пасанова Клара Балтабаевнанын 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн берилген “Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы; (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пункутунда белгиленген “билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт.

Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөнүн

жыйынтыктары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Пасанова Клара Балтабаевнанын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Тарых» кафедрасынын 2024-жылдын 13-ноябрында өткөн атайын отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол №3)

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

1. Осмонов С.Ж. – т.и.к. (07.00.02), доцент, төрага;
2. Зулуев Б.Б.- п.и.д., (13.00.01), профессор ОшМПУнун ректору;
3. Нурунбетов Б.А. – т.и.д., (07.00.02), профессор;
4. Зулпуева Р.Ж. - т.и.к., (07.00.02), улук окутуучу;
5. Шарипова Р.З. - т.и.к., (09.00.11.), улук окутуучу;
6. Сагынбай кызы Н. - т.и.к., (07.00.02), доцент;
7. Кармышаков Т.М. – ага окутуучу;
8. Көлбаева З.И. – улук окутуучу магистр;
9. Жолдошева А.А.- улук окутуучу магистр;
10. Казакбаев К.К..- окутуучу магистр;
11. Ажимаматова У. С.- окутуучу магистр;
13. Тимур кызы Эльнура - катчы

**А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Тарых кафедрасынын доценти т.и.к.:** **С.Ж.Осмонов**

**Катчы:** **Тимур кызы Элнура**

т.и.к. С.Ж. Осмоновдун асын Тимур кызы Элнуранын колун тастыктайм
Кб. башч.: Кадыркулова А.Б.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ